2019-жылдын 10-12-апрелинде өткөрүлгөн илим жумалыгынын жыйынтыгы боюнча **Программалоо** кафедрасынын

**О Т Ч Е Т У**

Программалоо кафедрасында факультетте өткөзүлгөн илим жумалыкта төмөнкү иш-чаралар пландаштырылып өткөзүлдү:

1) 2019-жылдын 10-апрель күнү факультетте илим жумалыгынын ачылышында кафедранын доценти У. Сактанов "Сайтты түзүүнүн оптималдуу жолдору" деген темада доклад жасады.

2) 2019-жылдын 10–апрель күнү факультетте илим жумалыгына жана ОшМУнун 80 жылдыгына карата уюштурулган "Дубал гезиттердин конкурсуна" ИСТ-1-16, ИСТ-1-15 группалары өздөрү даярдаган дубал гезиттери менен катышышты.

3) 2019-жылдын 10–апрель күнү 327-аудиторияда "IT технологиянын жаңылыктары" деп аталган IV секцияда кафедранын окутуучуларынын жетекчилигинде студенттердин төмөнкү илимий баяндамалары жасалды:

**1.** Абдулхамидов Данияр, Абдуллаев Камранбек, ПОВ (б)-2-17Р, AutoCAD системасынын мүмкүнчүлүктөрү

*Жетекчи: Абдугулова Г., улук окутуучу*

**2.** Калбаев Жанболот, Абылкасым кызы Нурай, ИСТ(б)-1-16, Жаштардын финансылык сабаттуулугу-өлкөнүн өнүгүүсүнүн негизги фактору

*Жетекчи: Тажикбаева С., улук окутуучу*

**3.** Абдикалык уулу Үсөн, ИСТ (б)-1-18, Киберспорт. Анын өнүгүү жолдору жана киберспортту анализдөө

*Жетекчи: Төлөбаева К., окутуучу*

**4.** Жумагулова Мырзайым, ИСТ(б)-1-18, Криптовалюта. Bitcoin бааларынын реалдуу чагылдырылышы

*Жетекчи: Төлөбаева К., окутуучу*

**5.** Мухтарали уулу Өмүрбек, ПОВ (б)-1-16р**,** Факультетте дистанттык технологияны пайдаланып окутулуп жаткан студенттерге даярдалган видео

сабактарды монтаждап даярдоодо, Adobe Premiere Pro программасын колдонуунун мүмкүнчүлүктөрү

*Жетекчи: Абдумиталип у. К., окутуучу*

**6.** Үсөн уулу Даниэл, ТОСВТ9-1-17, Delphi программалоо тилин үйрөнүүдө алгачкы лабораториялык жумуштардын орду жана өзгөчөлүктөрү

*Жетекчи: Дооранова Н.К., окутуучу*

4) 2019-жылдын 11–апрель күнү 323-аудиторияда “Илимий ийримдин ярмаркасы” өткөзүлдү, ярмаркага кафедранын мүчөлөрү тарабынан жарыкка чыккан окуу китептери, окуу колдонмолору, студенттердин илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктары, кафедрадагы уюшулган ийримдердин катышуучуларынын эмгектери жана жетишкендиктери коюлду.

ОшМУнун 80 жылдыгына карата факультеттин окумуштууларынан интервью алуу максатында Программалоо кафедрасынын башчысы, ф.-м.и.д., профессор А. Сопуевден ИСТ-2-16 группасынын студенттери Азизилла уулу Эгемжар жана Жороева Сайкал интервью алышты. Интервью илим жумалыгынын катышуучуларына тартууланды.

Факультетте өткөзүлгөн илим жумалыгына активдүү катышкан кафедранын окутуучулары жана студенттер факультеттин, кафедранын ардак грамоталары жана дипломдору менен сыйланышты.

IV секциянын ишинин жыйынтыгы боюнча жасалган студенттик баяндамалардын ортосунда “Мыкты студенттик баяндама” конкурсу жүргүзүлүп, III орунга ээ болгон ИСТ(б)-1-18 группасынын студенти Жумагулова Мырзайым факультеттин ардак грамотасы менен сыйланды, жетекчиси кафедранын окутуучусу К. Төлөбаева. Ал эми ПОВ (б)-2-17Р группасынын студенттери Абдулхамидов Данияр, Абдуллаев Камранбек илим жумалыгына активдүү катышкандыктары үчүн факультеттин ардак грамотасы менен сыйланышты.

“Дубал гезиттердин конкурсу” боюнча III орунга ИСТ(б)-1-16 группасы даярдаган дубал гезит ээ болуп факультеттин ардак грамотасы менен сыйланды.

Кафедра башчысы: А. Сопуев